| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**МОСКВА РАЙОНУ**<br>**МИҢ-БУЛАК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**<br>**МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ ӨКМӨТҮ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**МОСКОВСКИЙ РАЙОН**<br>**МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ ОКМОТУ**<br>**МИҢ-БУЛАКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Миң-Булак айыл өкмөтүнүн**
**кызматкерлеринин иш отурумунун протоколу**

2026-жылдын 20-июлу Садовое а.

Жыйындын катчысы: Раимкулов Д.С.
Жыйындын катчысы: Капаева А.Т.

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Мамлекеттик сатып алуулар порталына 2026-жылга карата аткарылуучу иш чараларды өз убагында киргизүү жана толук көзөмөлгө алуу;
2. Миң-Булак айыл өкмөтүндө коррупциялык тобокелдердин келип чыгышына өбөлгө түзүүчү учурлардын жана кырдаалдардын алдын алуу иш чаралары.

**СҮЙЛӨДҮ:** Миң-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы Раимкулов Деңиз Самарбекович сөз сүйлөп, ал өз сөзүндө августь айынын аягына чейин 2026-жылга карата коюлган планга ылайык, аткарылуучу иш чараларды өз убагында аткаруу максатында толук иш алып барууну М.Ж.Жылдызбековко жана К.Ш.Исмаевке жүктөдү. Андан тышкары, ушул жума ичинде Бишкек-Кара-Балта жол жээгин таштандыдан арылтуу үчүн ишембиликтерди уюштуруу тапшырмасын берди.

**СҮЙЛӨДҮ:** Айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы А.Т.Капаева сөз сүйлөп, ал өз сөзүндө айыл өкмөтүнүн кызматкерлерине коррупциялык тобокелдердин келип чыгышына өбөлгө түзүүчү учурлардын жана кырдаалдардын алдын алуу иш чаралар планы менен тааныштырып, ар бир жооптуу кызматкерге кол коюу менен жооптуу кызматкер катары белгилеп өттү.

Андан соң айыл өкмөттүн башчысы төмөнкү кызматкерлерге тиешелүү тапшырмаларды берди:
**К.Ш. Исмаев – айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарына:**
ДЭП-28 ишканасына Большевик айылына бара турган жолго “Жаткан милиционер” жол дөңсөсүн орнотуу боюнча кат жазып кайрылуу;
**Б.Ж.Жекшенбековко - “Таза-Булак” МИ жетекчисине:**
Жуманын аягына чейин Бишкек-Кара-Балта автоунаа жол жээгиндеги таштандыдан арылуу үчүн ишембиликтерди уюштуруу;

**ЧЕЧИМ:**

1. Берилген тапшырмалар өз убагында аткарылсын жана аткарылган иш чаралар боюнча маалымат берилсин

| | |
|---|---|
| **Жыйындын төрагасы** | **Д.С.Раимкулов** |
| **Жыйындын катчысы** | **А.Т.Капаева** |